КАБЫЛ АЛЫНДЫ
педагогикалык кенештин
№__2__ протоколунда
«__10__»_ноябрь___2020-ж

БЕКИТЕМ
№7 жалпы орто билим берүү
мектебинин директору
______ Бердалиев Ч.Б.
10.11.2020-ж

**Билим берүү процессинде санарип билим берүү жана аралыктан окутууну уюштуруу жөнүндө**

**ЖОБО**

**1.Жалпы жобо**

Бул жобо №7 жалпы орто билим берүү мектебинин 2020-2021 –жылы пандемия шартында өлкөдөгү эпидемиологиялык абалды эске алуу менен жана балдардын, педагогдордун, ата-энелердин ден соолугуна кооптуу кырдаал жаратпоо максатында, эпидемиологиялык абал турукташканга чейин, окуу процессин санарип окутуу жана аралыктан окутууну Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2020-жылдын 14-августундагы №3 протоколдук тапшырмасын аткаруу жана 2020-жылдын 21-августундагы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлигинин №664/1 буйругунун, Бишкек шаарынын мериясынын Билим берүү башкармалыгынын 2020-жылдын 24- августундагы №189 «өзгөрүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» буйругунун ошондой эле Ленин райондук билим берүү борборунун 28.08.2020 №73 буйругунун жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин окуу процессин уюштуруу боюнча иштеп чыккан нускамаларынын негизинде ишке ашырууну аныктайт.

№7ЖОББ мектебиндеги окуу процесси 2020-2021-окуу жылында абал турукташканга чейин 2-11-класстарда окутуу дистанттык түрдө өтөт.

Мектепте 1-класстын окуучуларынын окуу көндүмдөрү калыптандырылбагандыгын эске алып, 2020-2021-окуу жылынын биринчи чейрегинде, санитардык-гигиеналык талаптарды аткаруу менен 1-класстарда окутуу салттуу түрдө жүргүзүлөт.

**1-класстарда окуу процессин салттуу түрдө өткөрүүдө мектеп администрациясынын жана мугалимдердин милдеттери:**

1. 2020-жылдын 1-сентябрында 1-класстар үчүн төмөнкү иш чараларды өткөрүү:

- Билим күнүн салттуу түрдө ийкемдүү графикке ылайык өткөрүү (массалык иш-чараларды өткөргөнгө тыюу салынат),
- “Сүйүктүү Кыргызстаным” аттуу 1-сабак өткөрүү,

- экскурсия жүргүзүү.

2. Телеканалдардан көрсөтүүлүчү видеосабактардын темаларын эске алуу менен:
   - жылдык календардык - тематикалык планды иштеп чыгуу,
   - мектептин ички тартибин иштеп чыгуу,
   - сабактардын ийкемдүү жадыбалын жана аралыкты сактоо үчүн ар бир класстын танаписинин жадыбалын иштеп чыгуу.
3. Ата-энелер менен келишим түзүү (мектептин жана ата-энелердин милдеттери так жазылышы керек), алар менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.
4. Санитардык-гигиеналык талаптарды сактоо үчүн шарттарды түзүү:
   - мектепте дезинфекция иштерин жүргүзүү,
   - ички ажааткраналарды иштетүү,
   - кол жуугуч, тепловизор, мектептин кире беришин  хлордонгон килемче менен камсыздоо,
   - гигиеналык жана антисептикалык каражаттар менен камсыздоо.
5. Ар бир классты өзүнчө окуу бөлмө менен камсыздоо.
6. Окуучулардын топтолуш мүмкүнчүлүктөрүн азайтуу үчүн кошумча кирүү жана чыгуу эшиктерин колдонууну камсыздоо.
7. Күнүгө сабактар бүткөндөн кийин мектепти, окуучулардын ордун дезинфекциялоо.
8. Санитардык талаптарды аткаруу менен ысык тамак уюштуруу: ашканаларды, идиш аяктарды дезинфекциялоого, аралыкты сактоого шарттарды түзүү.
9. Ата-энелерден балдарына бирдиктүү мектеп формасын алып берүүнү талап кылбоо.
10. Күнүгө бардык окуучулардын, мектеп кызматкерлеринин дене табын текшерип туруу, атайын журналга каттоо.
11. Мектепке мугалимдер жамаатынан жана окуучулардан тышкары башка адамдарды киргизүүнү чектөө.
12. Мектепке кирип-чыккан адамдарды каттоого алуу.
13. Психологиялык кызматты жана “ыкчам байланышты” уюштуруу.
14. Мектеп администрациясы жана мугалимдер  ар дайым санитардык - эпидемиологиялык көзөмөлдөөнүн, жергиликтүү бийлик органдары жана ата-энелер менен тыгыз байланышта иш алып баруу.
15. Мектептеги кырдаал боюнча министрликке жана тиешелүү органдарга маалыматтарды өз учурунда берип туруу.

**Окуу процессин уюштуруу боюнча:**

1. 1- класстарда окуучулардын санына жараша окуучуларды кичигруппаларга бөлүп, (ар бир кичигруппада окуучулардын саны 20дан ашпашы керек), ийкемдүү жүгүртмөгө ылайык окутуу, мисалы:

Ар бир класс топторго бөлүнүп ,эртен менен 1сменаны 8.00дө 2сменаны  11.00 дө окутуу.

- 1 - топ  8.00-10.00го чейин 20 минутадан
- 2 - топ.12.00-14.00 гө чейин 20минутадан

Тамак ичүүгө 20 минута о.э эс алууга 10 минуталык танапис.

2. Сабак учурунда аралыкты сактоо.
3. Айрым сабактарды (дене тарбия жана мекен таануу сабактарын)таза абада өткөрүү.

**Уюштуруу иштер**

1. Окуучу мектепке келгенде дене табынын көрсөткүчүн өлчөө, атайын журналга жазуу.
2. Окуучуларды аралыкты сактоо менен окуу кабинетине коштоо, (1,5-2 метр) шахмат түрдө отургузуу.
3. Окуучуларга танапис учурунда сакталуучу эрежелер тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.
4. Аралыкты сактоо.
5. Танапис учурунда кабинеттерди желдетүү.

**Окутуу салттуу түрдө жүргүзүүдө ата-энелердин милдеттери:**

1. Мектеп менен келишим түзүү.
2. Баланын ден соолуугу боюнча мугалимге күнүгө маалымат берип туруу.
3. Баланы санитардык-гигиеналык каражаттар менен камсыздоо.
4. Окуучулардын өздүк гигиенасын сактоону камсыздоо.
5. Баланы мектепке убагында алып келүүнү жана алып кетүүнү камсыздоо.

2-11 класстардагы окуу процессин аралыктан окутууну уюштуруу

**2-11-класстарда окуу процессин дистанттык түрдө өткөрүүдө мектеп администрациясынын жана мугалимдердин милдеттери:**

1. 2020-жылдын 1-сентябрында Билим күнүн дистанттык түрдө өткөрүү.
2. Билим берүү уюмдарынын материалдык-техникалык базаларын жакшыртуу.
3. Окуучулардын окуу программаларын дистанттык билим берүү технологиялары (маалыматтык жана телекоммуникациялык) аркылуу өздөштүрүүсүн камсыздоо.
4. Дистанттык түрдө билим алуу үчүн окуучулардын мүмкүнчүлүгүн текшерүү жана шарт түзүү үчүн (өзгөчө аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарын) мониторинг жүргүзүү.
5. Дистанттык түрдө билим алуу үчүн аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарын телевизор же уюлдук телефон менен камсыздоо боюнча жергиликтүү органдары жана демөөрчүлөр менен иш алып баруу.

6. Болгон билим берүү платформаларын пайдалануу аркылуу жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартын аткарууну жана кайтарым байланышты камсыздоо.
7. Окуучулардын окуу программаларын дистанттык билим берүү технологиялары (маалыматтык жана телекоммуникациялык) аркылуу өздөштүрүүсүн камсыздоо боюнча мугалимдер үчүн

вебинарларды өткөрүү.
8. «Баластан» коомдук телерадио компаниясы, «ЭлТР»
мамлекеттик телерадиоберүү компаниясы жана башка каналдары аркылуу көрсөтүүлүчү видеосабактарды жана мектеп окуучуларына арналган телекөрсөтүүлөрдү көрүүнү камсыздоо.
9. Үй шартында дистанттык түрдө билим алуу боюнча ата-энелер менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.
10. Психологиялык кызматтарды жана “ыкчам байланышты” уюштуруу